КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
Ош облусу
Алай району
Корул айылдык кеңеши

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
Ошская область
Алайский район
Корулский айылный кенеш

# Корул айылдык кеңешинин 7-чакырылышынын 25-отурумунун

# ТОКТОМУ

**29-ноябрь 2023-жыл** **№25/2** **Тогуз-Булак айылы**

**Мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемесиндеги ремонт иштери боюнча**

Корул айыл өкмөтүнүн караштуу №29 С.Шабырбекова атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемесиндеги ремонт иштери боюнча талкуулап, Корул айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. №29 С.Шабырбекова атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемесиндеги ремонт иштери канааттандыраарлык эмес деп белгиленсин.

2. Корул айылдык кеңешинин, баардык туруктуу комиссия мүчөлөрүнөн, ремонт иштерин көзөмөлдөө максатында, убактылуу комиссия курамы түзүлсүн.

3. Корул айылдык кеңешинин төмөндөгү депутаттары, 25/1 протоколу (тиркелет) негизинде убактылуу комиссиянын төрагасы жана мүчөлөру болуп дайындалсын.

   Төрагасы: 1) Орозалиев Акмөндүр

   Мүчөлөрү: 1) Кушбаков Бакыт
   2) Токтошов Кабыл
   3) Сыдыков Кочкорбай
   4) Дайырбаев Момунжан
   5) Жороева Майрам
   6) Муса уулу Таалай

4. Жогорудагы аталган бала-бакчадагы ремонт иштерин байкоо жана көзөмөлдөө жагы жогорудагы комиссия мүчөлөрүнө милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө аламын.

**Төрайым** **М.А.Абдыкадырова.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
Ош облусу
Алай району
Корул айылдык кенеши

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
Ошская область
Алайский район
Корулский айылный кенеш

## Корул айылдык Кенешинин 7-чакырылышынын 24-отурумунун

## П р о т о к о л у

**2023-жыл 29-ноябрь** **№25/2** **Тогуз-Булак айылы**

**Төрайымдык кылуучу:** Корул айылдык Кеңешинин төрайымы: М.Абдыкадырова

**Катчы**: Матисаков М.

**Корул айылдык Кеңешинин депутаттары-13 депутат**

**Угулду:** Корул айылдык Кеңешинин 24-отуруму.

**Күн тартибиндеги маселе:**

1. **№29 С. Шабырбекова мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемесиндеги ремонт иштеринин кандай аткарылып жаткандыгы туралуу**

**Төрайым:** Урматтуу депутаттар бүгүнкү карала турган маселе боюнча 13 депутат катышып жатасыздар кворм бар. Демек сессияны баштасак болот. Сессияны ачык деп жарыялайм.

№29 С. Шабырбекова мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемесиндеги ремонт иштеринин кандай аткарылып жаткандыгы туралуу болмокчу. Негизинен жергиликтүү депутаттардын айрыкча Кең-Жылга участкасынын депутаттарынын сунушу менен кезексиз сессия өткөзгөнгө тура келди.Тема бала-бакчадагы иштердин алгылыктуу аракеттери канааттандырааарлыкпы, же жокпу? Ушул теманын айланасында сөз болсун . Кандай дейсиздер добушка коем.

**Баары макул, каршы жок.**

**Төрайым**: Анда кимде кандай ой пикирлер бар? Сунушуңуздар болсо айта берсеңиздер болот.

**Деп. А.Орозалиев:** Саламатсыздарбы, урматтуу депутаттар тынчсыздарбы? Биз ошол жерде бала-бакчада эмне жумуш болуп жатканын көрүп келип, эмне жумуш аткарылып жаткандыгынан кабарыбыз бар. Ошол үчүн сиздерди кабардар кылып коелу деп келип отурабыз. Бул жерде мен жалгыз эмесмин, Момун ака, Кабыл баары эле көрүп атышат. Ал жерде кечээ жакында полун кагышты, бүттү кылып чыгышкан. Бирок ошол полу кайра көөп, чыгып атат. Андан башка да курулуш иштери талапка жооп бербейт.

**Деп. М.Дайырбаев:** Оба. Ушундай биз көрүп чыкканбыз айта берип чарчадык. Айтсаң эле усталар эрежеси менен куруп атабыз мындай болбойт, туура эле деп биз менен тартышып атат. Эч жерде болбосо керек, түз эле краска акталган дубалдын бетине кырып тазалабай туруп, шыбактарын шыбап салуу. Бул талапка жооп бербейт. Өзүбүздүн балдар тарбиялана турган жерге эптеп эле бүтүрүп акчасын алып кете берген туура болбойт. Депутаттардын курамынан комиссия түзөлү, текшерели.

**Деп. К.Токтошов:** Эң туура мен кошулам. Кылган иштерине мен канааттанбайм. Талапка жооп бербейт. Мен дагы көрүп жатам. Усталар эмне кылып жатканын. Мындай болбойт десең кайра туура кабыл алышпай жаман көрүп жатышат.

**Деп. А.Жороев**: Урматтуу депутаттар, төрайым, бул темага кайдыгер карабаш керек. Жакшысы депутаттардын курамынан комиссия түзөлү. Билим берүү боюнча туруктуу комиссия бар бизде. Комиссиянын төрагалык кылуучу билим берүү комиссиясынын курамынан шайлансын.

**Төрайым:** Урматтуу депутаттар №29 С.Шабырбекова атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемесинде ремонт иштери канааттандыраарлык болбой жатат деген сиздердин сунушуңуздар менен комиссия курамын шайлап, төрагасын да шайлап, эми сиздердин ишиңиздерге ак жол каалоо менен бирге ушул маселени мыйзамдаштырып, токтом кабыл алып койсок кандай дейсиздер? Добушка коём

**Баардык депутаттар макулдугун беришти**

**Баардык депутаттар колдошту жана комиссиянын курамын шайлашты. Комиссиянын курамынын төрагасы болуп Орозалиев Акмөндүр ака шайланды. Комиссиянын курамындагы мүчөлөр:**

1. **Кушбаков Бакыт**
2. **Токтошов Кабыл**
3. ***Дайырбаев Момунжан***

**4. Муса уулу Таалай**
**5. Жороева Майрам**
***6. Сыдыков Кочкорбай***

**Бир добуштан комиссиянын курамы шайланып, бала-бакчадагы жүрүп жаткан иштер боюнча талкуу жүрдү жана бүгүнкү күнү депутаттардын баары бала-бакчанын жүргүзүп жаткан иштерин жеринде көрүп таанышып келе турган болушту.**

**Деп. А.Жороев:** Урматтуу комиссиянын курамы, силер барып, жеринде көрүп таанышып келе турган ишиңер боюнча сөзсүз акт жазгыла. Эмнеге канааттандыңар, эмнеге канааттанбадыңар, баарын акт түзүп топтой бергиле. Эртеге өкмөт аны кабыл алган күндө да силердин кагазыңарда эмне жазылган болсо, ремонт иштери ага жооп бербей жаткан болуп, бирок өкмөт кабыл алган болсо анда силер өкмөттүн алдына топтогон акттыңарды көрсөтүп, чыныгы нааразылык же ыраазычылык ошондо териштирилет.

**Депутаттар ушул Аваз аканин сөзүн талкуу кылып, текшерилген иштерди акт жазып айылдык кеңештин катчысына алып келип берип, бекиттирип коё турган пикирди колдошту.**

**Төрайым:** Убакыт соңуна чыкты. Бүгүнкү сессияга катышкан депутаттарга ыраазычылык билдирем. Бүгүнкү сессия жабык деп жарыялайм, келип бергениңиздер үчүн чооң рахмат. Эми жогоруга бала-бакчанын ишин жеринде көрүп

**Төрайым** **М.А.Абдыкадырова**